**УДК: 94(575.2)**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-362-368**

**Амантур уулу Ч.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

## «МАЖМУ АТ-ТАВОРИХТЕГИ» КЫРГЫЗДЫН БУЛГАЧЫ УРУУЛАРЫ

**Аннотация:** Бул макалада Сайф ад-дин Аксыкентинин «Мажму ат-таворих» эмгегинде камтылган кыргыз санжырасы тууралуу сөз болот. «Мажму ат-таворихте» Салусбек Булгачынын балдары деп аталган уруулар тобуна байланыштуу маалыматтар иликтенди. Аталган кол жазмада XVI к. башында кыргыз элинин уруулук түзүмүн чагылдырган санжыралык маалыматтар камтылган. «Мажму ат-таворихте» Салусбек Булгачиден тараган алты уруу: Бостон, Тейит, Жоокесек, Төөлөс, Каңды, Кыдырша ошол мезгилде Оң канатка киргизилген. Учурда бул кыргыз уруулары Ичкилик бөлүгүнүн курамына киришет. Ал санжыра менен азыркы кездеги кыргыз урууларынын түзүмүнө, алар боюнча иликтөөлөргө салыштырма талдоо жүргүзүлөт.

**Негизги сөздөр:** кыргыз, кыпчак, санжыра, уруу, Ичкилик, Булгачы, оң канат, сол канат, кашка, тарыхый булак.

**Амантур уулу Ч.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## БУЛГАЧЫ КЫРГЫЗСКИЕ ПЛЕМЯ В «МАДЖМУ АТ-ТАВОРИХ»

**Аннотация:** В данной статье речь идет о кыргызской генеалогии, содержащейся в произведении Саиф ад-дина Аксыкента «Маджму ат-таворих». В «Маджму ат-таворих» исследованы сведения о племенной группе, называемой детьми Салусбека Булгача. В указанной рукописи XVI в. вначале приводятся генеалогические сведения, отражающие родоплеменной состав кыргызов. В «Маджму ат-таворихе» в состав правого крыла в то время входили шесть племен, произошедших от Салусбека Булгачи: бостон, тейит, йокесек, тоолоус, кангы, кыдырша. В настоящее время эти кыргызские племена входят в состав внутренних территорий. Проведен сравнительный анализ современной генеалогии и структуры кыргызских племен, а также исследования по ним.

**Ключевые слова:** кыргызы, кыпчаки, родословная, племя, Алкоголь, Булгачи, правое крыло, левое крыло, бровь, исторический источник.

**Amantur uulu Ch.**
teacher
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## BULGACHI KYRGYZ TRIBE IN "MAJMU AT-TAVORIKH"

**Abstract:** This article is about the Kyrgyz genealogy contained in Saif ad-din Aksykent's work "Majmu al-tavorikh". In "Majmu at-tavorikh" information about the tribal group called the children of Salusbek Bulgach was investigated. In the said manuscript, the 16th c. at the beginning, genealogical information reflecting the tribal structure of the Kyrgyz people is included. In "Majmu at-tavorikh", six tribes descended from Salusbek Bulgachi: Boston, Teyit, Jookesek, Toolous, Kangy, Kydyrsha were included in the Right wing at that time. At present, these Kyrgyz tribes are part of the Interior. A comparative analysis of the current genealogy and the structure of the Kyrgyz tribes, as well as research on them, is carried out.

**Key words:** Kyrgyz, Kypchak, genealogy, tribe, Alcohol, Bulgachy, right wing, left wing, eyebrow, historical source.

Кыргыз элинин келип чыгышына карата бирдиктүү көз караш жана бир өңчөй тыянак чыгарууга болбой турганы белгилүү. XX к. кыргыз элин тарыхый изилдөөгө зор салым кошкон, кыргыз этнографиясына изилдөө жүргүзгөн С.М.Абрамзондун [1.219-б.] жана башка окумуштуулардын көз карашы боюнча азыркы Кыргызстандын аймагына Энесайлык кыргыздар эмес, көбүнчө башка Борбордук Азиялык түркий уруулар көчүп келишкен. Алардын көбү үчүн «кыргыз» деген ат адегенде этноним эмес, алар таандык болгон саясий биримдиктин аты болгон. Эгерде X-XI кк. чейин «кыргыз» деген аттын географиялык таралышы, бул ат этникалык өз аты болгон этникалык уюткуга караганда алда канча кеңири болсо, X-XI кк. кийин, тескерисинче, кыргыз этногенезинин процессине тартылган уруулардын чөйрөсү «кыргыз» деген этнонимге түздөн-түз тиешелүү болгон территорияга караганда алда канча кеңири болгон. Бирок, кыргыз элинин өзүнүн пайда болушу үчүн бир катар шарттар талап кылынган деп, С.М.Абрамзон бир нече зарыл тарыхый шарттарды санайт [2.18-19-бб.]. Бул айтылгандар туура жана жүйөөлүү, бирок, азыркы Кыргызстандын аймагында кыргыз элинин негизин Энесайлык кыргыздар эмес, башка түркий уруулар түзгөн деген көз карашка анча кошулбоого туура келет. Анткени X-XI кк. кийин Энесай кыргыздары массалык жер которушпаган менен Чыгыш Теңир-Тоо, Чыгыш Түркстан аймактарында кыргыз элинин бир бөлүгү буга чейин эле жашаган [3.139-140-бб.]. Кеңири аймакта көчүп жүргөн кыргыз элин X к. Монголиянын талааларын кидандардын басып алышы, монгол баскынчылыгы, андан кийин Ойрот хандыгынын түзүлүшү ири топторго бөлүп салган да, мезгилдин өтүшү менен кыргыздардын эки ири бөлүгү бир эле мезгилде эки башка аймакта – Энесайда жана Теңир-Тоо аймактарында жердеп калышкан. Кыргыздын бул бөлүктөрүнө башка Борбор Азиялык жана Теңир-Тоолук мурдатан жердеп келе жаткан уруулар, ошондой эле Дашт-и Кыпчактан жер которгон уруулар этногенетикалык процессте зор таасир тийгизген. Бирок, азыркы Кыргызстандын жана ага канатташ аймактардагы кыргыз элинин түзүлүшү – «кыргыз» этнонимин саясий бирдиктин негизинде гана кабыл албастан, уюткусун, негизин байыркы нукура кыргыз уруулары түзүп, ага башка уруулардын аралашуусу, сиңип кетүүлөрүнүн натыйжасы.

Ч.Ч.Валиханов: кыргыздын Ичкиликке кирген урууларын теги бөлөк уруулар, бирок, алар эч качан чоочун катары эсептелбейт деп жазган [4.348-349-бб.]. Атактуу орус окумуштуусу Н.А.Аристов Ичкилик тобу түпкү теги кыргыздарга тиешелүү эмес уруулардан турат деп эсептеп, «отсутствие в именах известных подразделений ичкиликов имен кара-киргизских родов и костей удостоверяет их иноплеменность, непринадлежность по происхождению к кара-киргизам» [5.428,434-бб.] деп көрсөтөт. Ошондой эле ал кыргыздардын курамына ар түрдүү келгин уруулардан сырткары Ичкиликтин курамына,

азыр ичкилик жана адигине топтору жердеп турган аймактардагы (Фергана, Памир-Алай) байыркы элдердин сакталып калган калдыктары да кириши толук мүмкүн [5.435-б.] дейт.

Кыргыз элинин этногенезин изилдөөдө оозеки санжыраларды жана кол жазмаларда сакталып калган санжыралык маалыматтарды дагы илим айлампасына киргизип, башка тарыхый булактар менен бекемделсе санжыралык маалыматтарды тийиштүү учурунда кошумча тарыхый булак катары караганга зарылдык бар [6.279-282-б.].

«Мажму ат-таворихте» эскерилген XV к. санжырасында берилген уруулардын толук баардыгы азыр да бар, бир аз гана алардын тутумдук түзүлүшүндө айырма бар. Оң канатка киргизилген Салусбек Булгачинин балдары деп аталгандар ошол мезгилде эскерилбеген Ичкилик тобун түзүшөт. Азыр «Мажму ат-таворихте» Салусбек Булгачинин балдары деп аталган 6 уруудан (Бостон, Тейит, Жоокесек, Төөлөс, Кaңды, Кыдырша) бөлөк дагы Кыпчак, Найман, Кесек, Нойгут, Аваат уруулары жалпы Ичкилик аталышат.

*Булгачи*. Рашид ад-дин «Жами ат-таворихте» мындай маалымат берет: «Племена булугачин и кэрэмучин. [Оба] они обитали в пределах (той же местности) Баргужин-Токум и у самого края страны киргизов» [7.57-б.]. Бул моңгол уруусу XIV к. экинчи жарымында болжол менен Юлдуз жана Эмилдин аралыгында көчүп жүрүшкөн. Алардын эмирлери Моголистандын саясий турмушуна активдүү катышкан. К.И.Петров булгачилердин кыргыздардын курамына киргени жөнүндөгү пикирине жана Булгачилердин кыргыздар менен этникалык байланышы болгонуна С.М.Абрамзон күмөндөр экенин билгизет. Бирок, мырза Шах-Махмуд Чурас кызыктуу маалымат келтирет: «Хан (Абдаллах – хан Моголистана) созвал эмиров и устроил совет, и все сошлись на том, чтобы перебить киргизов. Племя булгачи разделили на несколько частей, и каждую часть поручили какому-либо военному отряду…» [7.81-б. примеч. 36]. Мында Шах-Махмуд Чурас булгачилерди кыргыз уруусу катары айтып жатканы даана билинет. Азыркы кезде найман уруусунун ичинде булгачи-найман урук аталышы кездешет.

Кыргыздын Ичкилик деп аталган тобу санжырада кээде Ак уул менен Куу уулдун тууганы Кызыл уулдан тараган делет.

Аларга: Бостон, Тейит, Жоокесек, Төөлөс/Дөөлөс, Кaңды, Кыдырша (авааттарга киргизилет), Кыпчак, Найман, Кесек, Нойгут, Аваат уруулары кирет. Булардын тышкары, төөлөстөрдүн ичиндеги Оргу, авааттардын ичиндеги Кыдырша да өз алдынча уруу катары эсептелет. Ичкилик тобунда Кыдыршаларды өз алдынча уруу катары кароого негиз бар. Анткени XV к. эле «Мажму ат-таворихте» Кыдырша Салусбек Булгачынын уулу катары жана андан уруу таралганы эскерилген, демек, Кыдырша ошол мезгилде эле өз алдынча уруу болгон. Алардын санынын аздыгына карабастан Ичкиликте өзүнчө уруу эсептелиши туура. Жогоруда Ичкилик тобунун өз ичинде да Оң, Солго бөлүнүү бар экенин Н.Ф.Ситняковский, Я.Р.Винников, С.М.Абрамзондор белгилегенин айтканбыз. Алардын маалыматтары боюнча:

Ичкиликтин Оң канатына: Тейит, Кесек, Жоокесек, Бостон, Төөлөс, Оргу урууларын киргизишет.

Ичкиликтин Сол канатына: Кыпчак, Найман, Кaңды, Нойгут, Аваат, Кыдырша уруулары таандык кылынат [8.158-б.].

Ошол эле мезгилде С.М.Абрамзон: кыргыз генеалогиясынын көптөгөн билермандары Төөлөс/Дөөлөс уруусу кыргыздын Оң канатка да, Сол канатка да, Ичкилик тобуна да кирбейт, ал кыргыздын өз алдынча турган уруусу дешет деп билдирет [9.38-39-б.].

Негизинен, Ичкиликке киргендер кыргыз эмес, байыркы доордо, орто кылымдарда жана кийинки мезгилдерге чейин өз алдынча эл болуп, айрымдары кай бир мезгилдерде күч-

кубаттуу эл катары, өзүнчө мамлекеттүүлүгүн да түзүшкөн. XIX к. Кокон хандыгы жоюлгандан кийинки мезгилге чейин да бир бөлүгү өз алдынча эл катары жашап келген, байыртан кыргыз менен канатташ, кандаш жакын элдин бири кыпчактар кыргыз этногенезине чоң таасир тийгиген. Алардын кыргыздын Ичкилик тобундагы кыпчак уруусу менен түздөн-түз байланышы бар. «Мажму ат-таворихте» кыпчак жана кыргыздар жөнүндө тике болбосо да кыйыр маалыматтар келтирилет. Анда Каркаралык кыпчактар, алардан чыккан Манас баатыр жөнүндө айтылат. Мына ушунун өзү кыпчактардын бир бөлүгү кыргыздардын этникалык курамына эң эрте мезгилде эле киришкенин тастыктайт. Алар кыргыздардын этникалык курамына кирип эле тим болбостон, Дашт-и Кыпчакта түзүлгөн элдик чыгармачылыктын үлгүлөрү болгон, кыргыз элине азыркы кезде дүйнө элдеринде кездешпеген баалуу мурастарды да бергендигин тастыктайт. Жеке эле «Манастын» башатын бербестен, кыпчак элинин «Эр Төштүк», «Курманбек», «Саринжи-Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан» сыяктуу эпостордун түп-негизин берип, азырга чейин кыргыз эли аларды өнүктүрүп, айтып келгенине караганда, жана «Мажму ат-таворихтеги» Манастын Жетикашка деген кыпчак уруусунан чыккан Каркара хандын небереси катары айтылышы «Манас» эпосу алгач Дашт-и Кыпчактагы кыпчак элинде түптөлүп, өнүккөн да, кыпчактардын кээ бир бөлүктөрү кыргыздардын курамына кирген узакка созулган процессте эпос кыргыз элинин да энчисине айланган. Буга окшогон кыпчак элинен өткөн маданий, тарыхый байланыштарды, жалпылыктарды айта берсе оголе көп.

*«Жети кашка» – Манас баатыр чыккан уруу*. «Мажму ат-таворихте» Манастын чоң атасы делген Каркара-хандын чыккан уруусу Актемир-кыпчактын жети уулунан тараган Жети кашка аталганы жөнүндө маанилүү маалымат кездешет: «Кулан деген жерден Актемир-кыпчактын 7 уулу: Давлатияр, Кудаяр, Бердияр, Алияр, Мусаяр, Исаяр, Төлөяр – жети кашка атка минишип, урушка бирге киришээр эле. Ошол себептен «Жети кашка» атка конушкан» [10.65-б.]. Орто кылымдарда түрк элдеринде «кашка» сөзү көп колдонулган. Кыязы, «кашка» деген титул жөнүндө эң алгач тарыхый китепте маалымат берген Осмон түркүнөн чыккан Сейфи Челеби болуу керек. В.В.Бартольд мурда изилдене элек 1582-ж. (хижранын 990-ж.) Сейфи тарабынан жазылган түрк чыгармасындагы кыргыздар жөнүндөгү кыскача берилген маалыматты келтирет. Анда Сейфи Челеби: «кыргыздардын ханы жок, аларды «кашка» деп аталган бектери башкарат» [7.74-б.; 11.49,125-бб] деп айткан.

Кашка – «Манас» эпосунда көп учурайт да, аскер башчысы маанисинде колдонулат:

Ар бириси Манаска тете эр ошол,
Кырк жерден келген жолдошу
Кыркынын жөнү кырк башка,
Кыркы кылымдан чыккан *көй кашка* [12.88-б.].

Бул сөз али да кыргыздардын колдонуусунан чыгып кала элек жана тартынбаган, жүрөктүү, тайманбас, башчы, таанымал, ошондой эле чачы түшкөн маанилерин берет. «Көй кашка», «кайра тартпас кашка экен» д.у.с. сөздөр көп айтылат. В.В.Радловдун сөздүгүндө «кашка» сөзүнүн маанилери [13.394-б.]:

А) Лысый, плешивый. Б) Лысина. В) Пятно на лбу лошади.

1399-1415-жж. Ойрот хандыгынын бийлигин колуна алган Мөңкө-Темур хан Угэчи-Кашка (Угэчи-Хашага, Гуйлучи) деген титул алып жүргөнү белгилүү. Мөңкө-Темур хан кыргыз болгондугу белгилүү [14.70-72-бб.]. Анын титулундагы «кашка» термини биз сөз кылып жаткан «кашка» сөзүнө байланыштуу экендиги талашсыз.

Ал эми «Жети кашкага» кайрылсак, кыргыз элинин курамында ушундай этноним Оң канаттагы Солто уруусунун Бөлөкбай уругунда «Жети кашка» урукчасы бар [2.661,745-бб.]. Негизги бөлүктөн ажырап Түндүк Кыргызстанда (Чүй өрөөнү, Чоң-Арык айылы) жашаган кыпчактардын ичинде ушул атка жакындашкан «Жети айгыр» тобу жашашат [2.718,745-бб.]. Эске салсак «Мажму ат-таворихте» «Жети кашка» аталышы да жылкы менен байланыштырылат.

Кыпчактардын «Мажму ат-таворихте» аталган «жети кашка» уругуна түз байланышы бар уруу Фергана өрөөнүндө жашашат. Ферганадагы кыпчактардын негизги 5 муунунун бири – «Йити-кашка» (жети кашка) деп аталган [16.155-б.]. Мына ушул эскерилген Фергана кыпчактарынын Йиты-кашка мууну менен «Мажму ат-таворихтеги» Каркаралык кыпчактардын «Жети кашка» уруусу бир эле этностук топко тиешелүү. Кыргыздын Ичкилик тобунун Басыз уруусунун керки тамгасынын ичинде да – «Жети кашка» уругу бар [8.155-б.10-сүрөт].

Сайф ад-дин Манастын чоң атасы Каркара-хан, ал Жети кашкалардын тукумунан чыккан, Манастын уруусу жашаган жер Кара-Кыштак аталат, алар ээлеген аймак Каркарахан аталат дейт. Каркара-хан, балким, качандыр кыпчактардан чыккан башкаруучу болушу ыктымал, андан тараган урук үстөмдүк абалга ээ болгондуктан, алар башкарган аймактар Каркара-хан, Каркаралы, Каркыра аталуусу мүмкүн. «Мажму ат-таворихте» жеке эле кыргыз урууларынын, ошондой эле кыпчактардын аталган уругунан башка да кайсы этноско таандык экени белгисиз бир нече адамдар жана алардын тукумдары жөнүндө эскерилет. Сайф ад-дин мындай адамдар тууралуу жазганда белгилүүрөөк, атактуу уруулардын санжырасын кыргыз санжырасы өңдүү колдонсо керек. Маселен, Өлбөскулан, Сөзүмширин, Ширинтикен сыяктуу аттар ошол кездеги уруктардын генеалогиясына байланыштуу алынышы толук мүмкүн. «Мажму ат-таворихтеги» ушул сымал аттарга окшош уруу, урук аталыштары тигил же бул жерде жашаган кыпчактардын арасынан көп кездешээри байкалды. XIX к. В.П.Наливкин келтирген Ферганадагы кыпчактардын 5 мууну (уруусу):

1. Улмас (Өлбөс)
2. Кулан (Мусулманкул миң башы ушул уруктан чыккан) [17.144-б.]
3. Илятан
4. Яшик
5. Йити-Кашка

Фергана кыпчактарынын, башкача айтканда азыркы кезде өзбек элинин курамына кирген кыпчак уруусунун курамындагы аталган Улмас (Өлбөс) жана Кулан муундары «Мажму ат-таворихте» Өлбөскулан деп бир кишинин аты болуп берилген аталышка байланышы бардай сезилет. Ошондой эле Сөзүмширин жана анын алты уулу (Телули, Чадяк, Салги, Маскаракошум, Кайжунсиз, [Жансыз] Алаб бахадур), ошондой эле Бекназар дегендин 5 уулу (Акчубак, Байчубак, Деванчерик, Моллачерик, Карачерик) жөнүндөгү санжыралык маанидеги маалымат, мына ушул сыяктуулар, албетте, тарыхый жактан кандайдыр окуяга байланыштуу берилбесе дагы алардын аттары кол жазмага Тагай, Адигине ж.б. сымал санжыранын негизинде киргизилгени айкын. Мүмкүн ошол мезгилдеги уруу аталыштарын, алардын санжырасын чагылдырып турат.

1940-жж. аяк ченинде Ферганадагы өзбектердин курамына кирген кыпчактардын катталган бөлүкчөлөрү жалпысынан төмөнкүлөр:

Яшик, улмас, бугач, жайдак, кугай, илятан, огин, күчжарак, күмүшай, тикан, сары-кыпчак, таз, кызылмуш, туртайлык, пучукой, бугаз, курама, кулан, айбойра, члиял, чирик, ити-кашка [9.55-б.]. К.Ш.Шаниязов өз эмгегинде кыпчактардын этникалык тарыхына кеңири токтолуу менен, өзбектердин курамына кирген кыпчактардын уруулук бөлүнүштөрүн кыйла кеңири берген [17]. Кыргыздар бул кыпчактарды сарт-кыпчак деп аташат. Кыргыздын кыпчак уруусунун теги «алтайлык» уруулар менен байланышта болгону ачык байкалат. Ушуну негиз кылуу менен С.М.Абрамзон кыргыз кыпчактардын курамын өзбектердин жана каракалпактардын арасындагы кыпчактар менен салыштырууга мүмкүн эмес дейт. Түрдүү элдердин курамындагы кыпчак урууларынын ички түзүлүшүнүн бири-биринен кескин айырмаланышы кыпчактардын тиги же бул элдин курамына ар кайсы мезгилде, ар кандай шартта жана ар башка жактан келишкендиги менен түшүндүрүлөт. Өзбектердин курамындагы кыпчактар эч качан «өзбек» аталышкан эмес, буга кыпчактардын өзбек, кыргыз элдери менен катар Кокон хандыгында күчтүү жаат болуп, хандыктын коомдук-саясий турмушунда маанилүү орун ээлегендиги күбө. Аларга Совет бийлиги орногондон кийин гана «өзбек» аталышы берилген. Кыпчак эли бүткүл түрк элдеринин жана башка бир катар элдердин курамына кирген. Ал процесс эң байыркы мезгилдерде башталган да, тынымсыз жүргөндүктөн уруулардын теги, ар кайсы элдин курамына кирип калган бир элдин курамы, бир өңчөйлүүлүгү абдан зор өзгөрүүлөргө дуушар болоору мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Ичкилик тобуна кирген уруулардын ар биринин этникалык байланыштары, тарыхы боюнча абдан терең изилдөөлөрдү талап кылат. Бул жеке эле Ичкилик тобу үчүн эмес, бүт кыргыз урууларына да тиешелүү. Анткени, кыргыздар эң байыркы элдердин бири болгондуктан анын тарыхында эчендеген катмарлар али сыры ачылбастан кала берүүдө.

**Адабияттар:**


1. Маметемин кызы М. Кыргызстандагы этнографиялык изилдөөлөр (1920-1930-жж.). //Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. №7, 2017. 2017-220-бб.
2. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер, – Бишкек, 1999.
3. Худяков Ю.С. Кыргызы на просторах Азии, – Бишкек, 1995.
4. Валиханов Ч.Ч. Очерки Джунгарии. // Валиханов Ч.Ч. Собрание сочинений, В 5-т. – Алма-Ата, 1985, т. III.
5. Аристов Н.А. Опыт выяснения этнического состава киргиз-казахов Большой орды и каракиргизов... //Живая старина. Вып. III-IV. – СПб., 1894. – С. 391-486.
6. Ураимов Ш. Санжыра илимий изилдөөнун объектиси катары. //Известия вузов Кыргызстана, № 7, 2012. 279-282-бб.
7. Восточные авторы о кыргызах /Сост.: О. Караев. – Бишкек, 1994.
8. Винников Я.Р., Родоплеменной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии. // ТКАЭЭ, т. I, – Москва, 1956
9. Абрамзон С.М., Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. 2-изд. – Фрунзе, 1990.
10. Сайф ад-дин Аксикенти, Тарыхтардын жыйнагы (Мажму атут-таворих) /Которуп, басмага даярдагандар: М.Досболов, О.Сооронов, – Бишкек, 1996.
11. Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Бишкек, 1997.

12. Манас: эпос /С.Каралаевдин вар. Акад. бас., 1-китеп, – Бишкек, 1995. – Б. 88.
13. Радлов В.В., Опыт выяснения тюркских наречий, т. II, Вып. 2.
14. Бейшеналиев Т., Кыргыз ханы Мөңкө-Темирдин өмүрү. //Ала Тоо, 1991, № 11. – Б. 78-84.
15. Петров К.И., Этногенез киргизов и их движение на Тянь-Шань в XIII – XV вв. //Известия АН Кирг. ССР. Серия общественных наук, Т. II, Вып. 3. (История), – Фрунзе, 1960.
16. Наливкин В., Краткая история Кокандского ханства, – Казань, 1886.
17. Шаниязов К.Ш., к этнической истории узбекского народа (Историко-этнографическое исследование на материалах кыпчакского компонента), – Ташкент, 1974.

**Рецензент: тарых илимдеринин доктору, профессор Алымбаев Ж.Б.**